DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Юсупалиев И.К.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУДА ЭЭЛЕГЕН ОРДУ ЖАНА РОЛУ

*Юсупалиев И.К.*

# МЕСТО И РОЛЬ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В ГОСУДАРСТВЕННОМ УПРАВЛЕНИИ

*I. Yusupaliev*

# THE PLACE AND ROLE OF THE PRESIDENT OF THE KYRGYZ REPUBLIC IN PUBLIC ADMINISTRATION

*УДК: 342.4.*

*Өлкөбүздө болуп өткөн конституциялык (Баш мыйзам) референдум, 2021-жылдын он биринчи апрелинде референдум (бүткүл элик добуш берүү) менен жактырылуусу, Азыркы күндөгү аракеттеги Баш мыйзамыбызга ылайык, мамлекет башчыбыздын укуктук макамынын аныкталуусу, Эгемендүү өлкөбүздүн Баш мыйзамынын 1993, 1994, 1996, 1998, 2001, 2003, 2007, 2010, 2016 жана 2021-жылдар аралыгындагы өзгөрүүлөрү, Жаны Баш мыйзамыбыздын алкагында Парламенттик башкаруу таризинен Президенттик башкаруу тариз киргизилүүсү, Кыргызстандын көпчүлүк жарандары Президенттик башкаруу таризин тандоосу, 2021-жылдын 11-апрелинде Өлкөбүздүн Жаңы Конституциянын долбоорун кабыл алуу боюнча Бүткүл элдик добуш өткөрүлүп, көпчүлүк шайлоочулардын катышуусунун алкагында шайлоо жарактуу деп табылуусу, Баш мыйзамдын алкагында мамлекет башчысына тийиштүү негизги өзгөрүүлөргө токтолуп кетсем, бүгүнкү күндө Президент мамлекет башчысы, эң жогорку кызмат адамы жана аткаруу бийлигин жетектөөсү, Президент аткаруу бийлигинин ишин жетектеп, министрлер кабинетине жана ага баш ийген органдарга тапшырма берет, анын аткарылышын көзөмөлдөөсү жөнүндө каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *Президент, башкаруу тариз, Баш мыйзам, референдум, Жогорку Кенеш, Министрлер кабинети, Конституциялык сот, Жогорку сот.*

*В этой статье рассматривается Конституционный референдум страны, который был одобрен на референдуме 11 апреля 2021 года. Согласно действующей Конституции, правовой статус главы государства определяется изменениями в Конституции Суверенной страны в период с 1993, 1994, 1996, 1998, 2001, 2003, 2007, 2010, 2016 и 2021 гг., президентской формы правления в виде парламентской системы правления по новой конституции; 11 апреля 2021 года был проведен всенародный референдум о принятии проекта новой конституции страны и выборы были признаны состоявшимися при участии большинства избирателей. Хотел бы выделить основные изменения в конституции, которые затрагивают главу государства. Президент руководит исполнительной властью и дает поручения кабинету министров и подчиненным ему органам по контролю за их выполнением.*

***Ключевые слова:*** *Президент, форма правления, Конституция, референдум, Жогорку Кенеш, Кабинет Министров, Конституционный суд, Верховный суд.*

*The constitutional (constitutional) referendum held in our country, the approval of the referendum on April 11, 2021 (by universal suffrage), According to the current Constitution, the legal status of the head of state is determined by the changes in the Constitution of the Sovereign Country between 1993, 1994, 1996, 1998, 2001, 2003, 2007, 2010, 2016 and 2021., The introduction of a presidential form of government in the form of a parliamentary system of government under the new constitution; On April 11, 2021, a nationwide referendum will be held to adopt a new draft constitution. Recognition of elections as valid in the presence of a majority of voters; I would like to highlight the main changes in the constitution that affect the head of state. The president directs the work of the executive branch and gives instructions to the cabinet and its subordinate bodies to oversee its implementation.*

***Key words:*** *President, form of government, Constitution, referendum, Jogorku Kenesh, Cabinet of Ministers, Constitutional Court, Supreme Court.*

Өлкөбүздө болуп өткөн конституциялык (Баш мыйзам) референдум, 2021-жылдын он биринчи апрелинде референдум (бүткүл элик добуш берүү) менен жактырылып, мамлекетибиздин баш мыйзамын өзгөртүүгө добуш берүү жараянында жетимиш тогуз бүтүн ондон үч пайызы макул болсо, он үч бүтүн ондон алты пайызы каршы добуштарын беришти, Республиканын жаны баш мыйзамы 2021-жылдын бешинчи майынан баштап иштеп келүүдө.

Азыркы күндөгү аракеттеги Баш мыйзамыбызга ылайык, мамлекет башчыбыздын укуктук макамы үчүнчү бөлүмдүн, биринчи главасынын алтымыш алтынчы беренесинен, жетимиш бешинчи беренелеринде көрсөтүлгөн, Республиканын өлкө башчысы, жогорку кызмат адамы жана мамлекеттин аткаруу бийлигин жетектейт [1].

Ал эми Эгемендүү өлкөбүздүн биринчи Баш мыйзамы 1993-жылы кабыл алынган мезгилдеп тартып, мамлекет башчысынын, парламенттин жана өкмөттүн ыйгарым укуктарын аныктаган. Окумуштуулар С.Сооданбеков жана М.К. Укушевдин белгилөөлөрү боюнча, «Республиканын 1993-жылдагы Баш мыйзамы, бир жагынан, калкыбыздын улуттук өлкөнү куруусунун бүтүндөй конституциялык тажрыйбасын жалпылаcа, башка жактан, бул тажрыйбаны мамлекеттик түзүлүштүн жаны милдеттеринин талаптарына ылайык жооп берчү жаны мазмун менен байытат», Ал эми окумуштуу А.А. Арабаев «Жаны Баш мыйзамдын түзүлүшүнүн негиздерин түптөөдө 24-октябр 1990-жылы кабыл алынган КССРнин Президенттинин кызматын жана КССРнин Баш мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү Мыйзамынын ролу өтө чон болгон» [3] - деп белгилеген.

Ошондон баштап бүгүнкү күнгө чейин отуз бир жылдын ичинде ага он жолу референдум (Бүткүл эл-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дик добуш берүү) жолу менен бир канча өзгөртүүлөр киргизилди. Маселен, 1994, 1996, 1998, 2001, 2003, 2007, 2010-жыл дагы Баш мыйзамыбызга окумуштуу Б.К.Абытов жана Т.Акбарали кызынын пикири боюнча, «2010-жылдагы Баш мыйзамдын текстинин түп нускасындагы жаңылыштык менен казустук талаш-тартыштан сактануу үчүн ошол кадамга барышкан. Ошол учурдан баштап ушул күнгө чейин эгемендүү жана көз карандысыз жылдар аралыгында Конституциянын акыркы, сегинчи редакциясынын алкагында жашап жатабыз. Бул жеткиликтүү иштелип чыккан акыркы болушуна да эч ким кепилдик бере албайт. Анын акыры кандай болушун турмуш жана убакыт көрсөтөт» [4] деп белгилешкен. Арадан бир канча жылдан кийин 2016-жылда кайрадан Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилген.

Жаңы Баш мыйзамыбыздын алкагында Парламенттик башкаруу таризинен Президенттик башкаруу таризи киргизилген, мында болуп өткөн саясий укуктук кырдаалга байланыштуу жаңы конституциянын долбоору иштелип чыгып, мында өлкөбүздүн парламенттик башкаруу системасы өзүнүн жемишин бере албагандыктан Республикабыздын көпчүлүк сандагы жарандарынын тандоосу менен президенттик башкаруу системасын тандап алганыбыз талашсыз.

Президент элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин камсыз кылуусу, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепили болуусу, мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктоосу, мамлекеттик бийликтин биримдигин, мамлекеттик органдарды координациялоону жана өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуусу, Президент ички жана эл аралык мамилелерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгуусу, Кыргыз Республикасынын эгемендигин жана аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча чараларды көрүүсү, ошону менен эле мамлекет башчысынын беш жылдык мөөнөткө Республиканын жарандары тарабынан шайлануусу да каралган.

Президенттин ыйгарым укуктары абдан кенен. Бул Баш мыйзамдын биринчи главасынын үчүнчү бөлүмүндө көрсөтүлгөн, «Эки мөөнөттөн ашык бир эле адам президент болуп шайлана албайт». Бул позициясы маанилүү, анткени ал саналуулардын бири болуп көрүнөт, эгерде ал президенттин ыйгарым укуктарын чектөөнү белгилейт.

Ал эми Президенттик башкаруу тутумуна токтоло турган болсок, анда ар кайсыл өлкөлөрдө президент аткаруу бийлигинде да маанилүү укуктук макамга ээ болушу мүмкүн. Кээ бир учурларда өлкөдө премьер-министр болбой туруп, президент анын ишин өзү жүзөгө ашыра алат.

Мындай мамлекеттерде президенттик шайлоо да калк тарабынан өткөрүлөт. Бул типтеги башкаруу тутуму «президенттик башкаруу тутуму» деп аталат. Маселен, АКШда премьер-министр болбойт жана президент анын кызматын өзү аткарат. Бүгүнкү күндө биздин мамлекеттибизда Президенттик башкаруу таризинде жашап келе жатат.

Өлкөнүн башчысы – мамлекеттин жогорку өкүлү эсептелген жогорку кызмат (кыйла сейрек – коллегиалдуу орган) адамы, эреже катары, аткаруу бийлигинин алып жүрүүчүсү. Монархиялык мамлекеттерде (Улуу Британия, Швеция, Испания, Япония) монарх (король, император) болуп саналат, адатта анын бийлиги мыйзамда белгиленген тартипте падышачылык кылуучу бүлөнүн улам бир өкүлүнөн экинчисине мурасталып отурат.

Ошондой эле Республикалык башкаруу таризде-ги өлкөлөрдө түздөн-түз эл тарабынан (КР, РФ, Мексика), болбосо кыйыр тартипте (АКШ, Аргентина), же көп тепкичтүү шайлоолордо (Италия, ГФР, Индия) шайланган президент болуп саналат.

Президенттик өлкөлөрдө (АКШ, Мексика) бир эле мезгилде аткаруу бийлигинин башчысы болуп саналат. Иш жүзүндө бардык Баш мыйзамдар өлкөнүн башчысына кеңири укуктарды берет: ал өкмөт башчысын жана министрлерди дайындайт, куралдуу күчтөрдүн жогорку башкы командачысы болуп саналат, мунапыс берүү, вето (тыюу) коюу укугуна ээ, ордендер жана медалдар менен сыйлайт, парламенттин сессияларын чакырат, парламентти (же анын төмөнкү палатасын) таркатуу (президенттик республикалардан башкаларда) укугуна ээ, мыйзам чыгаруу демилгеси менен чыгуу (баардык жерде эмес) укугун пайдаланат ж.б. Дээрлик бардык парламентардык мамлекеттерде өлкөнүн башчысынын ыйгарым укуктары анын атынан өкмөт тарабынан ишке ашырылат. КР-дин Президенти өлкөнүн башчысы жогорку кызмат адамы болуп саналат.

Ал эми Республикабыздын Баш мыйзамына Парламенттик башкаруу таризинен Президенттик башкарууга өтүүсү, мында Парламенттик башкаруу мамлекеттик башкарууда өзүнүн жемишин бере албагандыктан, Кыргызстандын көпчүлүк жарандары Президенттик башкаруу таризин тандоосу жаңыдан Конституция кабыл алууга себеп болгон жагдайлардын бири болуп, бул Конституцияны кабыл алуунун демилгечиси 2021-жылдын 10-январындагы кезексиз президенттик шайлоодо Садыр Жапаров жеңип чыккан.

Президенттик шайлоо менен бир күндө өткөрүлгөн башкаруу таризин аныктоо боюнча референдумда Кыргызстандын шайлоочуларынын саны сексен бир пайыздан ашыгы парламенттик башкаруу таризден президенттик формага өтүү үчүн добуш беришкен.

Баш мыйзамдын долбоорун иштеп чыгууга сексен тогуз кишиден турган атайын чакырылган конституциялык жыйын түзүлгөн. Конституциялык конференциянын көпчүлүк мүчөлөрү, сынчылар жана өзгөртүүлөрдү сунуштаган авторлор өздөрүнүн көз карашын билдиришкен [5].

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Үстүбүздөгү жылдын, тактап айтканда 11.04. 2021-ж. долбоорун кабыл алуу боюнча Бүткүл элдик добуш өткөрүлүп, көпчүлүк шайлоочулардын катышуусунун алкагында шайлоо жарактуу деп табылды.

Ошентип, Баш мыйзамдын алкагында мамлекет башчысына тийиштүү негизги өзгөртүүлөргө токтолуп кетсем, бүгүнкү күндө Президент «өлкө башчысы, аткаруу бийлигин жетектөөчү эң жогорку кызмат адамы. Өлкө башчысы аракеттеги Баш мыйзамыбызга ылайык төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырат:

- Министрлер кабинетин түзөт;
- Министрлер кабинетинин төрагасын жана мүчөлөрүн Жогорку Кеңештин макулдугу менен, дайындайт:
- Министрлер кабинетинин мүчөлөрүн жана бийликтин аткаруу органдарынын башчыларын Өлкө башчы өзүнүн демилгеси боюнча же Жогорку Кеңештин, Элдик Курултайдын сунушун эске алуу менен мыйзамдын чегинде кызматтан бошотот;
- Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын, статс-катчыны, баланын укуктары боюнча акыйкатчыны жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Республикалык жана областтык маанидеги шаарлардын аткаруучу органдардын башчыларын, кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот, Президенттин администрациясын түзөт, Коопсуздук Кенешин түзөт жана жетектейт.

Ошондой эле үч жүз миң шайлоочунун демилгеси боюнча же Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн демилгеси боюнча референдумду өз демилгеси менен дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат кезектеги жана кезексиз парламенттик шайлоону жана жергиликтүү кеёештердин шайлоосун дайындайт же аларды таркатат.

Аткаруу бийлигинин ишин мамлекет башчысы өзү жетектеп, министрлер кабинетине жана ага баш ийген органдарга тапшырма берет, анын аткарылышын көзөмөлдөйт.

Баш мыйзамда мамлекет башчысы аткаруу бийлигинин жана министрлер кабинетинин ишинин натыйжалары үчүн жеке жоопкерчилик тартат деп аныкталган.

Элге, Элдик Курултайга парламентке, өлкөдөгү иштин абалы жана мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттары жөнүндө ар жылдык билдирүүлөрү менен өлкө башчысы кайрыла алат жана Жогорку Кенешке өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө »маалымат берип турушу керек. Ал парламентте, Элдик Курултайда өз сөзүн сүйлөө менен төмөнкү мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктарына ээ:

- Жогорку Кенешке мыйзам долбоорлорун киргизет;
- мыйзамдарга кол коюу жана жарыялоо, аларды парламентке каршы пикирлер менен кайтаруу.

Ошондой эле, өлкө башчысы:

- Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерлерди Судьялар кенешинин сунушу боюнча Жогорку Кенешке сунуштайт;
- Жогорку Кенешке бүгүнкү күндөгү аракеттеги Баш мыйзамга жана конституциялык мыйзамда белгиленген учурларда Судьялар кенешинин сунушу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларын бошотуу үчүн талапкерлерди сунуштайт;
- Жергиликтүү соттордун судьяларын Судьялар кеңешинин сунушу боюнча дайындайт жана кызматтан бошотот;
- Беш жылдык мөөнөткө Конституциялык Соттун жана Жогорку Соттун төрагаларын жана алардын орун басарларын дайындайт жана аларды кызматтан бошотот.

Баш мыйзамда белгиленген Башкы прокурорду (парламенттин макулдугу менен) дайындап, кызматтан кетирет, жана башка мамлекеттик органдарда аларды жетектей тургандарды дайындоодо артыкчылыкка ээ.

Парламентке көрсөтүү менен Улуттук банктын башчысын Улуттук банктын төрагасынын орун басарларын жана анын башкармалыгынын мүчөлөрүн жана Эсептөө палатасынын төрагасын дайындоо, анын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин парламентке көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Демек, бүгүнкү күндө Президенттик башкаруу таризинде жаны кабыл алынып иштеп жаткан Баш мыйзамыбыздын алкагында мамлекеттибиз өнүккөн, бакыбаттуу болот деген ишеништебиз.

**Адабияттар:**


1. Сооданбеков С.С., Укушев М.К. КыргызРеспубликасынын Конституциясы, 5-май, 2021-ж.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2001-ж.
3. Арабаев А.., Арабаев Р. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. - Бишкек, 2014-ж.
4. Абытов Б.К. Кыргызстандын Конституциялык өнүгүүсү: тарыхый сересеп. - Ош, 2020-ж.
5. Абдипаттаев Т.М. Роль президента в проекте новой конституции кыргызской республики от 11 апреля 2021 года. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 6. с. 20-23.